
# 2-ТЕМА. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН ЖАБЫР ТАРТКАН АДАМДАР ҮЧҮН СТАНДАРТТЫК ОПЕРАЦИОНДУК ПРОЦЕДУРАЛАР

## 1-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүүнүн принциптери



## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Адам укуктары жана гендердик тең укуктуулук чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарды жана эл аралык стандарттарды сактоо.**

Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субъекттер өздөрүнүн иштеринде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, эл аралык укуктун ченемдерин жана жалпы таанылган принциптерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди жетекчиликке алышы керек. Бул адамдын, аялдардын жана балдардын укуктарын сыйлоону, гендердик тең укуктуулукту сактоону, басмырлоону жоюуну камтыйт.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сак жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардамдарды жана кызматтарды көрсөтүүдөгү укук коргоочулук ыкма.**

Бул принцип үй-бүлөлүк зомбулук адамдын ден соолукта болуу жана өнүгүү укуктарын бузуу, коркуудан жана зомбулуктан эркин болуп жашоо укуктарын бузуу катары таанылат дегенди түшүндүрөт. Бул жабыр тарткан адамдардын коопсуздукка жана жардам берүүгө карата укуктарын камтыйт. ЭСКМБ кызматкерлери алардын милдеттери жабыр тарткан адамдарга социалдык, психологиялык, юридикалык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана медициналык жардамдын жеткиликтүү болуусун камсыз кылуу экендигин түшүнүүлөрү зарыл.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана коргоонун жеткиликтүүлүгүнүн бирдейлиги**

Бардык жабыр тарткан адамдар алардын жынысына, жаш курагына, социалдык абалына жана башка айырмачылыктарына карабастан, коргоонун жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдей жеткиликтүүлүгүнө ээ болуулары керек. Үй-бүлөлүк зомбулукка кабылган ар бир адамды коргоодо тең укуктуулукту камсыз кылуу жана өзүнүн жүрүм-турумунда тең укуксуздуктун же кайдыгерликтин эч кандай формаларына жол бербөөнү камсыз кылуу маанилүү.

# Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулукка түрткү болгон жана адамдын укуктары менен эркиндиктерин басмырлаган элдик салттарга жана адаттарга жол бербөө.**

Үй-бүлөлүк зомбулукту актаган же жашырган бардык салттарга жана адаттарга каршы туруу зарыл. Бул кызматкерлерден кесипкөйлүктү, айрым адаттар адамдардын, өзгөчө аялдардын жана балдардын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунучтуу болуусу мүмкүн экендигин түшүнүүнү талап кылат.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулук жасагандыгы үчүн жоопкерчилик.**

ЭСКМБ кызматкерлери айыпкерлерди жоопкерчиликке тартууну камсыз кылууга милдеттүү, үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам мыйзамда караштырылган боюнча жазаланышы керек. Бул үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө билдирүүлөргө өз убагында чара көрүүнү, далилдерди чогултууну жана тиешелүү чараларды кабыл алууну камтыйт.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Алдын алууга багытталуу.**

ЭСКМБ үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жаатында активдүү иштөөлөрү керек. Бул калк арасында үй-бүлөлүк зомбулукту сактоо жана коргоо суроолору боюнча алдын алуучулук жана маалыматтык-агартуучулук иштерди активдүү иштерди жүргүзүүнү камтыйт.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сак жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнк принциптерди белгилейт:

**Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жарандардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого карата укуктарын сактоо үчүн жоопкерчилиги.**

Бул принцип үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттери жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоо үчүн мыйзам тарабынан көрүлгөн бардык чараларды көрүүгө милдеттүү дегенди түшүндүрөт. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын кызматкерлери үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мыйзамда белгиленген милдеттерин аткарбаган учурда мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартылышат.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого коомчулуктун катышуусу.**

Бул принцип үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринин жабыр тарткан адамдарды коргоо жаатында иш алып барган коомдук уюмдар менен кызматташуу дегенди түшүндүрөт. Мисалы, үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө арызды ар бир жарандан алуу

# Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын кылмыш-жаза мыйзамы же укук бузуулар жөнүндө мыйзамы боюнча жоопкерчиликке тартылуусунан көз карандысыз түрдө үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого алуу**

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамды жазалоо жабыр тарткан адамга социалдык, психологиялык, юридикалык жана башка жардамдарды көрсөтүүнү токтотуу үчүн негиз катары каралышы мүмкүн эмес .

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сак… жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнк… принциптерди белгилейт:

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын жардам алууга ыктыярдуулугу, буга үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдардан жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардан башка учурларда**

Бул принципке ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аракетке жөндөмдүү адам мыйзамда караштырылган жардамды алууга же андан баш тартууга укуктуу. Ыктыярдуулук принциби балдарга жана аракетке жөндөмсүз адамдарга карата жайылтылбайт, бул адамдардын атынан чечимди алардын мыйзамдуу өкүлдөрү кабыл алышат.

## Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын 4-беренеси төмөнкү принциптерди белгилейт:

**Кош бойлуу аялдардын жана эмчек эмизген аялдардын, майыптыгы бар адамдардын, балдардын, аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардын, улгайган адамдардын, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өзгөчө муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын эске алуу.**

Жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө алардын өзгөчө муктаждыктарын эске алуу маанилүү. Мисалы, майыптыгы бар адамдар үчүн атайын талаптар талап кылынышы мүмкүн, мисалы, пандустар же сурдокотормочу. Эмчек эмизген аялдар үчүн эне жана бала үчүн бөлмө ж.б. берилиши керек.

# Күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган жардам көрсөтүү боюнча эл аралык принциптер

- Ролик көрүү